**2020-жылдын 12-апрелине дайындалган Майлуу-Суу шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоого катышуу үчүн талапкерлеринин тизмесин сунуш кылган саясий партиялардын ортосундагы**

# МЕМОРАНДУМ

Майлуу-Суу шаары 2020-жылдын 19-марты

Биз, төмөндө кол койгон 2020-жылдын 12-апрелине дайындалган Майлуу-Суу шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоого катышуу үчүн талапкерлердин тизмесин сунуш кылган саясий партиялардын өкүлдөрү,

Майлуу-Суу шаарынын жарандарынын байгерлик турмушун, социалдык –экономикалык өнүгүшүн жогорулатууга көмөк көрсөтүүгө, биздин Майлуу-Суу шаарынын тынчтык, туруктуулук жана келечекте өсүп-өнүгүшүнө жалпы жоопкерчиликти аңдап-сезүүгө аракеттенип,

шайлоодо бардык катышуучулар үчүн жарандардын кызыкчылыктары артыкчылыктуу болууга тийиш экендигин, ал эми адамдарды колдоо үчүн реалдуу иштер гана кызмат кыларын таанып,

шайлоонун жыйынтыктарынын аныктуулугу жана ачык-айкындулуугу шайлоо реформасынын жүрүшүндө реалдуу атаандаштык үчүн, жакшы негиз болуп санала тургандыгын таануу менен шайлоонун ак ниеттүү жана адилеттүү өткөрүлүшү Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана Мыйзамдарына толук шайкеш келиш үчүн аракеттенебиз.

Шайлоо комиссияларынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн жана жарандык активисттердин катышуусунда ушул Меморандумга кол коюп жатып **эл алдында төмөндөгүлөргө милдеттенебиз:**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарын кыйшаюусуз аткарууга, Кыргыз Республикасынын шайлоо жөнүндө мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын ченемдерин сактоого;
- шайлоо өнөктүгүн ачык-айкындуулуктун жана өз ара сый-урматтоонун, жарандардын кызыкчылыктары менен укуктарынын артыкчылыктуулугунун, мыйзамдын үстөмдүгүнүн принциптеринде жүргүзүүгө;
- Майлуу-Суу шаарында саясий партиялар жана шайлоо процессинин башка катышуучулары менен конструктивдүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө, саясий оппоненттер менен ачык, жалпы талаш-тартыштарды мыйзамдын негизинде чечүүгө;
- шайлоо процессинде этикалык жана моралдык жүрүм-турумду сактоого, булганыч технологияларды пайдаланбай туруп үгүт иштерин жүргүзүүгө, бири бирибизге ак ниет мамиле жасоого;
- башка талапкерлердин, саясий партиялардын абийрин, беделин жана иштиктүү кадыр-баркын кемсинткен алдын ала жалган маалыматтарга негизделген жарыялоолорду таратпоого;
- добуш берүү күнүнө чейин жана добуш берүү күнү шайлоочулардын добуштарын сатып алууга өзүнүн катышуусун жана өз өкүлдөрүнүн, ишенимдүү адамдарынын үгүт жүргүзүүчүлөрдүн, туугандарынын, досторунун, тааныштарынын жана башка адамдардын катышуусун болтурбоого, шайлоочуларды сатып алууга каршы бардык чаралар менен күрөшүүгө, анын ичинде укук коргоо органдарына көмөк көрсөтүүгө;

- өздөрүнүн максаттарына жетишүү үчүн административдик ресурстарды пайдалануунун, анын ичинде кызматтык же кызмат абалынын артыкчылыктарын пайдаланууну жокко чыгарууга;

- күч колдонуу менен коркутуу, жалаа жабуу, кадыр-баркты жана ар-намысты кемсинтүү же күч колдонууга көкүтүү камтылган маалыматтарды, үгүт жана маалыматтык материалдарды интернет жана башка ресурстар аркылуу расмий же жашырын басып чыгарбоого жана жайылтпоого;
- добуш берүү жана добуштарды эсептөө процессинде жарандардын өз эркин билдирүү эркиндигине, укукка сыйбас, таасир көрсөтүүгө, ар кандай аракеттерден баш тартууга, добуш берүүнүн жашырундуулугун бузбоого, шайлоочулардын тизмесине укуксуз жолдор менен таасир этүү аракеттерди кылбоого;
- бардык шайлоочуларга жана шайлоо процессинин башка катышуучуларына карата ачык болуу жана сыйлоо принциптеринин негизинде таза жана акыйкат шайлоолорду өткөрүүгө ар тараптуу көмөктөшүүгө, шайлоо комиссияларына жана укук коргоо органдарына алардын ишине көмөк көрсөтүүгө;

Биз шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн талапкерлер жана саясий партиялар менен өз ара аракеттенүү үчүн ак ниет жана ачык болууга, ал эми жалпыга маалымдоо каражаттарын- бурмалоолорго жана манипуляцияларга жол бербей түрүп адилеттүү жана обьективдүү болууга чакырабыз.

Ушул Меморандум кол коюлган учурдан баштап күчүнө кирет жана 2020-жылдын 12-апрелине дайындалган шайлоолордун натыйжалары белгилүү болгонго чейин колдонулат.

Бирдей юридикалык күчкө ээ, кыргыз жана орус тилдеринде Майлуу-Суу шаарында 2020-жылдын 19-мартында кол коюлду.

1. “Мекеним Кыргызстан” саясий партиясы – Абдиганиев Нурахмет Арапбаевич
(саясий партиянын аталышы, саясий партиянын өкүлүнүн фамилисы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

2. “Ата Мекен” Саясий Социалисттк партиясы – Токтоназаров Казбек Юнусалиевич
(саясий партиянын аталышы, саясий партиянын өкүлүнүн фамилисы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

3. “Замандаш” саясий партиясы – Токтогулов Дастан Анарбекович
(саясий партиянын аталышы, саясий партиянын өкүлүнүн фамилисы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

4. “Элмурас” Республикалык бирдиктүү саясий партиясы – Бабеков Самат Мурзабекович
(саясий партиянын аталышы, саясий партиянын өкүлүнүн фамилисы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

5. “Кыргызстан” саясий партиясы – Мамытов Улан Турдуматович
(саясий партиянын аталышы, саясий партиянын өкүлүнүн фамилисы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

6. “Биримдик” (Единство) Демократиялык партиясы” саясий партиясы – Усенов Нурсултан Неймадалиевич
(саясий партиянын аталышы, саясий партиянын өкүлүнүн фамилисы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

7. “ӨНҮГҮҮ-ПРОГРЕСС” саясий партиясы – Юнусов Мирбек Жанышевич
(саясий партиянын аталышы, саясий партиянын өкүлүнүн фамилисы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

8. Майлуу-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы – Омурзаков Турусбек Жаныбекович
(кол тамгасы)